"БЕКИТЕМИН"
Мектеп директору; ________
У.Олкасимов
"___" ___________202___

МАКУЛДАШЫЛДЫ
Кесиптик уюмунун төрайымы:
М.Иминчаева ________
"____" ___________202___

**№19 А.Казаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин усулдук бирикмелери Жөнүндө ЖОБО**

## 1 жалпы жоболор

1.1. Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына кыргыз республикасынын жалпы билим берүү боюнча алкактык, улуттук куррикулумунда сунушталган билим берүү тармактарына караштуу предметтер сабак берүүчү үчтөн кем эмес бар болгондо түзүлөт. Мектептин шартын жана жумуштун кайтарымдуулугун эске алуу менен төмөндөгүдөй эки усулдук бирикме түзүлүшү мүмкүн.

1) Жогорку класстардын мугалимдеринин усулдук бирикмеси:
2) Башталгыч класстарынын мугалимдеринин усулдук бирикмеси.

Усулдук бирикмеге иш тажрыйбасы бай чыгармачыл мугалим башчылык кыла алат.

1.2.Иштин негизги багыттарын, формаларын жана усулдарын усулдук бирикмелеринин мүчөлөрү билим берүү максаттарына жана милдеттерине ылайык аныктап билим берүү уюмунун усулдук кеңеши бекитет.

1.3.Билим берүүчү уюмдарда тарбиячылардын, класс жетекчилердин ж.у.с усулдук бирикмелери түзүлүшү мүмкүн.

1.4.Усулдук бирикмелеринин саны мүчөлөрүнүн саны билим берүү уюму аткармакчы болгон милдеттерди чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да педагогикалык кеңештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

1.5.Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер, окуучулар тийиштүү билим берүү тармагындагы предметтер боюнча даярдайт.

1.6.Усулдук бирикмелердин билим берүүчү уюмунун директорунун окуу тарбия иштери боюнча орун басарынын (илимий усулдук иштери боюнча орун басарынын) көрсөтүүсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат.

1.8.Усулдук бирикмелер директордун окуу тарбия иштери боюнча түздөн түз баш ийишет. Усулдук бирикмелердин ишмердигинде кыргыз республикасынын конституциясын, билим берүү тармагына тиешелүү мыйзамдарын жана ченемдик- укуктук актыларын жетекчилике алышат.